# Жандуу жаратылыш



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

# Жандуу жаратылыш

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жандуу жаратылыш" (Кыргыз тилинде),
автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай кызы.



Уултай бир күнү чоң энесинен сурады:

– Чоң эне, жандуу жаратылыш деген эмне?

– Азыр айтып берейин, – деди чоң энеси.

– Жандуу жаратылыш деген – адамдар, жаныбарлар жана өсүмдүктөр.

Анткени алар дайыма жашайт, өсүп чоңоёт же картаят.



Адам басат, дем алат, көрөт. Жытты сезет, ойлонот, сүйлөйт. Жаман менен жакшыны ажырата алат.

Анан коздукту жаратат. Эң бир көркөм буюмдарды жасайт, кооз үйлөрдү курат.




Адам акылы менен жерде жүрүүчү машинаны, сууда сүзүүчү кемени жасаган. Асманда учуучу самолётту ойлоп тапкан. Ал түгүл жылдыздарга чейин жеткен ракетаны жасаган.



– Жаныбарлар эмне кылат?

– Жаныбарлар да кыймылда болот. Дем алат, көрөт, жыт сезет, үн чыгарат. Алардын түрү абдан көп.

Канаты барлары учат. Буту барлары басат. Буту жоктору сойлойт. Тоодо, токойдо, айрымдары сууда жашайт. Бака, таш бака сууда да, кургакта да жашай берет.



Айрым жаныбарлар адамга кызмат кылат. Адам атты, төөнү минет. Уй сүт, май, жылкы адамга кымыз берет. Койдун жүнүнөн кийим жасалат.



Курт-кумурска өсүмдүктөрдүн гүлдөшү, көбөйүшү үчүн шарт түзөт. Аларды чаңдаштырат. Сөөлжан топурактуы жумшартат. Өсүмдүктөрдүн жакшы өсүшүнө көмөктөшөт.



Чымчыктар өсүмдүк зыянкечтерин терип жешет. Чымчык мөмөнү башка жактарга алып барып жегенде, уруктары түшөт. Ал жерге ошол өсүмдүк өсүп чыгат. Ошентип, өсүмдүктүн башка жерде да өсүшүнө көмөктөшөт.



– Ал эми өсүмдүктөрчү, алар баспайт да?!

– Ооба, өсүмдүктөр бир орунда гана турат. Түрлөрү да өтө көп. Алар: чөптөр, гүлдөр, бадалдар, бак-дарактар.

Суу ичинде өскөндөрү да бар. Бирок дайыма өсүп турат. Тамыры жер астына тарайт. Жалбырак байлайт, бийиктеп өсөт. Ошондуктан ал да жандуу жаратылышка кирет.



Өсүмдүктөр адамга мөмө-жемиш берет. Бак-дарактын куураганы отун болот. Карагайдан устун, тактай жасалат. Көп өсүмдүктөр дары катары да колдонулат.



Булар бири-бири менен байланышта. Эгер өсүмдүктөр болбосо, адам да, жаныбар да жашамак эмес. Анткени өсүмдүктөр абадагы чаңды, зыяндуу газдарды соруп алат. Абаны тазалайт. Жан-жаныбарлар дем алышы үчүн кычкылтек бөлүп чыгарат.

Ошентип, өсүмдүктөр бардык жандуунун жашоосу үчүн шарт түзөт.



Ошондуктан адам жаныбарга жана өсүмдүккө кам көрөт. Аларды багат. Өсүмдүктөрдү сугарат. Дайыма сугарып турса, кулпуруп көркүнө чыгат. Кооз болуп гүлдөйт. Мөмө-жемишти мол берет.

Булар жөнүндө мектепте да окутат. Ошон үчүн сабактарыңды кунт коюп жакшы оку, макулбу?!



– Макул, чоң эне, айткандарыңыз мага аябай жакты. Абдан кызыктуу экен. Көп нерсени билип алдым. Мен мындан ары атама, апама жардам берем. Короодогу гүлдөрдү дайыма сугарып турам.

Козу, улактарымды жем, чөп берип багам. Курт-кумурскаларга, чымчыктарга тийбейм. Алар абдан пайдалуу турбайбы. Сизден уккандарымды досторума да айтып берем.

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли